Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
11-ноябры

№87 (3743)

www.erkin-too.kg




## №10 шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер

## АЗРЕТ АЛИ АТТОКУРОВДУН

## шайлоо алдындагы ПРОГРАММАСЫ

*Мен, Аттокуров Азрет Али – Кыргызстандын өнүгүүсүнө өз салымын кошууну каалаган, Кара-Кулжа жана Өзгөн райондорунун калкынын үнүн угуп, көйгөйүн чечүүгө даяр жаш муундун өкүлүмүн. Менин максатым – аймагыбыздын өнүгүүсүнө реалдуу салым кошуу.*

*Биздин аймакта жаштар тегиз билим алып, жумуш менен камсыз болуп, сапаттуу жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Ошондой эле ар бир үй-бүлө туруктуу киреше таап, ар бир айылдын жашоочулары таза суу, жол жана сапаттуу кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз болушу шарт.*

*Кара-Кулжанын жана Өзгөндүн жаштары – демилгелүү жана мекенчил. Мен алардын саясий жана экономикалык активдүүлүгүн колдойм. Жаштардын демилгеси – өлкөнүн келечеги!*

### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ

- Жаштардын сапаттуу билим алуусун камсыз кылуу (стипендия, гранттар, чет өлкөлөргө практика программалары);
- ЖОЖдор менен мекеме-ишканалардын кызматташтыгын күчөтүү (студент иш тажрыйбасын билим алып жаткан кезден алуусу керек);
- Билим алууну каалаган жаштарга мамлекеттик банктар аркылуу жеңилдетилген насыяларды берүү;
- Кара-Кулжа жана Өзгөндө жаштар борборлорун түзүү, спорт жана маданий долбоорлорду колдоо.

### ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК

- Аймактардагы чакан жана орто бизнеске салык жеңилдиктери;
- Туризмди өнүктүрүү: Кара-Кулжанын тоолору, Өзгөндүн тарыхый мурастары – жергиликтүү киреше булагы болуш керек.

### ЖОЛ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА

- Кара-Кулжа жана Өзгөндүн алыскы, жетүүгө кыйын аймактарындагы жолдорду жасоо;
- Тоолуу айылдарга электр, мобилдик байланыш жана интернет жеткирүү.

### АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА АЙМАКТЫК ӨНҮГҮҮ

- Дыйкан жана мал чарбачылыгына жеңилдетилген насыялар, субсидиялар;
- Кара-Кулжанын балы, Өзгөндүн күрүчү сыяктуу аймактык бренддерди экспортко чыгаруу;
- Сугат суу, ирригация жана жол көйгөйлөрүн чечүү.

### ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ЖАШОО САПАТЫ

- Таза сууга муктаж бир да айыл, кыштак калбашы керек;
- Бардык аймактарда, анын ичинде алыскы, жетүүгө кыйын айылдарда да мектеп, бала бакча, ооруканалар курулуп, заманбап жабдыктар менен камсыздалышы керек;
- Жашыл энергия долбоорлорун жайылтуу.

**Мен, Кыргызстаныбыз өнүгүп-өсүп, жакынкы жылдары кубаттуу мамлекетке айланарына терең ишенем!**

*КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №10 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Азрет Али Аттокуровдун шайлоо фондунун эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү А.У.Жалилова тарабынан төлөндү (күбөлүк №700).*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2017-ЖЫЛДЫН 31-ЯНВАРЫНДАГЫ №17 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНЫН РЕЕСТРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Бишкек шаарынын мэриясында квалификациялуу кадрларды ыкчам тандоо үчүн ченемдик укуктук негизди камсыз кылуу максатында, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам**:

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

II бөлүмдүн 5-главасында:

– 1-пунктта:

“Башкы кызмат орду” тобунун “Б-А” категориясы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Б-А | Бөлүмдүн башчысы | Башкармалыктын начальниги Бөлүмдүн башчысы Башкармалыктын начальниги ^*^***^ Бөлүмдүн башчысы ^*^*****^ | Ведомстволук бөлүмдүн жетекчиси Ведомстволук бөлүмдүн жетекчиси ^*_^***^ | Административдик райондун башчысынын орун басары Муниципалдык аймактык башкармалыктын (мэриянын түзүмүндөгү) жетекчиси | |

”.

“Улук кызмат орду”, “Кенже кызмат орду” топтору төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Улук кызмат орду** | | | | | |
| У-А | Сектордун, бөлүмдөгү сектордун башчысы | Сектордун, бөлүмдөгү сектордун башчысы Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Басма сөз- катчы ^*^*****^ | Бөлүмдүн, сектордун башчысы | Бөлүмдүн, сектордун башчысы | Ведомстволук бөлүмдүн аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары Муниципалдык аймактык башкармалыктын (мэриянын аймактык бөлүмүнүн түзүмүндөгү) жетекчисинин орун басары Бөлүмдүн, сектордун башчысы |
| У-Б | Башкы адис | Башкы адис Башкы инспектор Башкы адис ^*^*****^ | Башкы адис Башкы инспектор | Башкы адис | Башкы адис |
| **Кенже кызмат орду** | | | | | |
| К-А | Жетектөөчү адис | Жетектөөчү адис Улук инспектор Жетектөөчү адис ^*^*****^ | Жетектөөчү адис Улук инспектор | Жетектөөчү адис | Жетектөөчү адис |
| К-Б | Адис | Адис Инспектор Адис ^*^*****^ | Адис Инспектор | Адис | Адис |

5-главага эскертүүдө: сегизинчи абзацта “борбордук аппаратындагы” деген сөздөр алып салынсын; төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“(****) – Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратындагы административдик муниципалдык кызмат орду

(басма сөз-катчы, ички аудит бөлүмү).”.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-ноябры, №304***

## ӨЗГӨЧӨ УКУКТУК РЕЖИМДЕГИ ЖАНА СТАТУСТАГЫ “ТАМЧЫ” АТАЙЫН ФИНАНСЫЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК АЙМАГЫНЫН ЧЕКТЕРИН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

“Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын чектери аныкталсын.

2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын чектеринин сыпаттамасы 1-тиркемеге ылайык;

2) өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын жерлеринин экспликациясы 2-тиркемеге ылайык.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-ноябры, №305***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 29-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №89 “КУМ-ШАГЫЛ” ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНДА УБАКТЫЛУУ СЫРТКЫ БАШКАРУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген, адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч жаратуучу жер казынасын коргоо, экологиялык жана өнөр жай коопсуздугу чөйрөсүндөгү талаптарды бузууларды четтетүү максатында, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65¹-статьясына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-февралындагы №89 “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда убактылуу сырткы башкарууну киргизүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пунктта “2025-жылдын 28-августунан тартып 2025-жылдын 8-ноябрына чейинки” деген сөздөр “2025-жылдын 8-ноябрынан тартып 2026-жылдын 8-февралына чейинки” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик:

1) убактылуу сырткы башкаруучуга талапкерди белгиленген тартипте көрсөтсүн;

2) юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда убактылуу сырткы башкаруу киргизилгендиги жөнүндө кабарласын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 8-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №725***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 13-ЯНВАРЫНДАГЫ №16 “МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ СЕКТОРУНУН УЮМДАРЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУГУНУН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик финансыны башкарууда реформаларды жүргүзүү максатында, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 5-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-январындагы №16 “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдарынын финансылык отчеттуулугунун стандарттарын бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пунктта “2026” деген цифралар “2028” деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-ноябры, №726***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн транспорт каражаттарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 4-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“ – төмөнкүлөрдү кошпогондо, пайдалануучу нөөмөттүк жеңил автотранспорттун кыймылдаткычынын көлөмү 2700 куб. см ашпоого тийиш:”;

– төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү, төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

“– ыктыярдуу түрдө берилген, конфискацияланган жана башка жол менен мамлекеттин кирешесине айландырылган автотранспорт каражаттарын;

– ушул токтомдун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн кызмат адамдарын тейлөө үчүн кызматтык автотранспортту;”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-ноябры, №729***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 16-ИЮЛУНДАГЫ №421 “БИШКЕК – ОШ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛУНДА “ДОЛБООРДУК КУМ КОРГОН” ПРИНЦИБИ БОЮНЧА АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ТУННЕЛДИ КУРУУ ДОЛБООРУН ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек – Ош автомобиль жолунда альтернативдик туннелди куруу иштерин энергия менен камсыз кылуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 16-июлундагы №421 “Бишкек – Ош автомобиль жолунда “долбоордук кум коргон” принциби боюнча альтернативдүү туннелди куруу долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 3-пункт “кол коюлгандан кийин” деген сөздөрдөн кийин “Каракол батыш жана Сокулук түштүк эки чакан ГЭСин куруу боюнча компонентти камтыган” деген сөздөр менен толукталсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $14^{1}$-пункт менен толукталсын:

“$14^{1}$. “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жашыл энергетика фонду” мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын энергетика чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын алкагында Каракол батыш жана Сокулук түштүк эки чакан ГЭСин куруу компоненти боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-ноябры, №727***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГРООНӨР ЖАЙ КОМПЛЕКСИН ЖАНА КАЛКЫН 2026-ЖЫЛДЫН ТҮШҮМҮ ҮЧҮН КҮЗДҮК ДАН ЭГИНДЕРИН СЕБҮҮГӨ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын нан азыктары боюнча азык-түлүк коопсуздугун кепилденген камсыз кылуу, агроөнөр жай комплексинин субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүү жана өткөрүү менен байланышкан маселелерди ыкчам чечүү боюнча туруктуу иштеген республикалык штаб 1-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүү аянттарынын түзүмүн аткарууну 2-тиркемеге ылайык камсыз кылсын;

2) эки жумалык мөөнөттө 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктөгүнө даярдык көрүү боюнча уюштуруу-техникалык иш-чараларды иштеп чыксын жана иштердин жүрүшүнө ай сайын мониторинг жүргүзсүн;

3) бир жумалык мөөнөттө 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүү жана өткөрүү менен байланышкан маселелерди ыкчам чечүү боюнча облустук жана райондук туруктуу иштеген штабдарды түзсүн;

4) 2-тиркемеге ылайык 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүү аянттарынын түзүмүнө ылайык өстүрүүнүн агротехнологияларын милдеттүү сактоо менен ата мекендик жана чет өлкөлүк селекциянын мыкты сортторунун үрөндөрүн пайдаланып, 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүнү уюштуруунун зарылдыгы жөнүндө агроөнөр жай комплексинин чарбалык субъекттерине кеңири масштабдуу түшүндүрүү иштерин жалпыга маалымдоо каражаттарын тартуу менен жүргүзсүн;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы боюнча дан эгиндерин күздүк себүү графигин түзсүн;

6) чарбалык субъекттердин айыл чарба техникаларын тартууну камсыз кылсын;

7) бир жумалык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине райондор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана чарбалык субъекттер боюнча күздүк дан эгиндерин себүү аянттары жөнүндө маалыматтарды берсин;

8) тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу системаларын пайдалануу менен кайрак жана айдоо жерлерди өздөштүрүү боюнча иштерди жүргүзүүнү камсыз кылсын;

9) 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк буудайдын жана күздүк арпанын үрөндөрүнө толук муктаждыкты толук көлөмдө топтоону уюштурсун, аларды себүүнүн алдында милдеттүү түрдө ууландыруу менен себүү кондициясына жеткирүүнү камсыз кылсын. Бул милдетти аткаруу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Айыл чарба өсүмдүктөрүн жана багбанчылыкты экспертизалоо боюнча департаментинин жана райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын жетекчилерине жүктөлсүн;

10) дан эгиндеринин сертификатталган үрөндөрүн өндүрүүнү көбөйтүү үчүн Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин берүү менен алдыңкы үрөн чарбаларынын базасында ири үрөн кооперативдерин түзүү боюнча чараларды көрсүн;

11) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка чарбалык субъекттердин балансында турган ички чарба сугат тармактарын дан эгиндерин ным топтоочу, вегетациялык жана айдоо алдында сугаруу иштерин баштоого өз убагында жана сапаттуу даярдоону камсыз кылсын;

12) жолдордун, арыктардын жана каналдардын жээгиндеги талаа коргоо тилкелерин калыбына келтирүү максатында көп жылдык көчөттөрдү, анын ичинде мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн көчөттөрүн, ошондой эле талды, теректи жана карагайды отургузуу боюнча бир айлыктарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча чараларды көрсүн;

13) топурак иштетүүчү, себүүчү, жыйноочу, транспорттук, сууну өлчөөчү, дан жана үрөн тазалоочу жана дан кургатуучу техникаларды өз убагында жана сапаттуу оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн зарыл болгон запастык бөлүктөр менен комплекттөөдө агротехникалык сервистик кызматтарга көмөк көрсөтсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматы:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү менен макулдашуу боюнча белгиленген тартипте 2026-жылы вегетацияга ирригациялык тармактарды даярдоо боюнча пландарды иштеп чыгууну камсыз кылсын;

2) вегетациялык сугаттардын башталышына карата суу сактагычтарда, суткалык жөнгө салуучу бассейндерде жана башка көлмөлөрдө долбоордук көлөмдөргө чейин суунун топтолушун камсыз кылуу менен суу ресурстарынын агымдарын максималдуу пайдаланууну уюштурсун.

**4.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк себүүгө, андан кийинки күзгү жазгы талаа иштерине жана күздүк дан эгиндерин жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде ишке тартылган сугат насостук станциялардын, кырмандардын, механикалык устаканалардын жана башка көмөкчү кызматтардын ишин камсыз кылган электр энергиясын үзгүлтүксүз берүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айыл чарба жаныбарларын контролсуз жаюудан улам эгин талааларын тепсеген жана түшүмдү жок кылган учурларды аныктоого жана бөгөт коюуга, ошондой эле күнөөлүү адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга көмөк көрсөтсүн;

2) райондор менен облустардын ортосунда айыл чарба техникасын тоскоолсуз ташууну уюштуруу, анын ичинде зарыл учурда техниканы коштоо жана административдик тоскоолдуктарды четтетүү боюнча чараларды көрсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги күйүүчү-майлоочу материалдардын бааларына мониторинг жүргүзсүн жана баалар негизсиз өскөн учурда белгиленген тартипте күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын өсүшүн кармоого багытталган тиешелүү чечимди киргизсин.

**7.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы Кыргыз Республикасынын Нефтетрейдерлер ассоциациясы менен биргеликте баалардын өсүшүнө жол бербөө үчүн 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүүдө зарыл болгон күйүүчү-майлоочу материалдарга жеңилдетилген бааларды аныктасын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги:

1) сел коркунучу, табигый катаклизмдер жана агрардык иш үчүн коркунуч туудурган башка факторлор бар экендигине карата Кыргыз Республикасынын аймагындагы дан эгиндеринин абалына комплекстүү мониторинг жүргүзүүнү уюштурсун жана жүргүзсүн;

2) сел жүрүү коркунучу болгон учурда көрсөтүлгөн аймактарда мүмкүн болгон өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана азайтуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-июнундагы №500-т тескемесине ылайык, бекитилген разнарядкалардын негизинде жана райондук мамлекеттик администрациялар менен макулдашуу боюнча айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө 7 000 000 (жети миллион) литр дизель отунун сатып алуу баасынан төмөн эмес, бирок минималдуу рыноктук баадан жогору эмес баада Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун сунуштарын эске алуу жана рыноктун конъюнктура өзгөргөн учурда шарттарды кайра кароо укугу менен сатууну камсыз кылсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги чарба жүргүзүүчү субъекттин так жайгашкан жерин, аталышын, ИСНин, долбоорду ишке ашыруу стадиясын жана ишке киргизүүнүн пландалган мөөнөттөрүн көрсөтүү менен агроөнөр жай комплексинин объекттеринин (соода-логистикалык борборлордун, дан сактоочу жайлардын, элеваторлордун, муздаткыч жана кайра иштетүүчү ишканалардын ж.б.) жыйынды тизмесин түзсүн жана Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине берсин.

**10.** Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги агроөнөр жай комплексинин объекттеринин (соода-логистикалык борборлордун, дан сактоочу жайлардын, элеваторлордун, муздаткыч жана кайра иштетүүчү ишканалардын ж.б.) берилген тизмесинин негизинде көйгөйлүү маселелерди аныктоо жана аларды чечүү боюнча сунуштар менен көрсөтүлгөн объекттерге инвентаризациялоо жана абалына талдоо жүргүзсүн.

**11.** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети айыл чарбасы боюнча статистикалык маалыматтардын толуктугун жана аныктыгын камсыз кылсын, маалыматтарды толук эмес чагылдырган учурларды болтурбоо менен топтолгон статистиканын сапатына ички контролду уюштурсун.

**12.** Кыргыз Республикасынын Нефтетрейдерлер ассоциациясына республиканын облустарында жана райондорунда 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүү үчүн зарыл болгон күйүүчү-майлоочу материалдарды 3-тиркемеге ылайык өлчөмдө мунай базаларында жана автомай куюучу станцияларда топтоону камсыз кылуу сунушталсын.

**13.** “Айыл Банк” жана “Элдик Банк” ачык акционердик коомдоруна төмөнкүлөр сунушталсын:

– мамлекеттик программалардын алкагында республикалык бюджеттен каржылануучу жеңилдетилген кредиттерди агроөнөр жай комплексинин субъекттерине өз убагында жана тоскоолсуз берүүнү камсыздоо;

– республикалык бюджеттен каржылануучу агроөнөр жай комплексинин субъекттерине жеңилдетилген кредит берүү боюнча мамлекеттик программалардын аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине ай сайын берип турсун.

**14.** Министрликтер, ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүүгө тартылган мамлекеттик мекемелер, ишканалар жана чарбалык коомдор ушул токтомдун аткарылышы жөнүндө маалыматты ай сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10унан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине берип турсун.

**15.** Төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн:

1) ушул токтом менен жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилерине, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик мекемелердин башчыларына, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине;

2) 2026-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүгө, андан кийинки күзгү-жазгы талаа иштерине жана жыйноо өнөктүгүнө даярдык көрүү боюнча иштерди талаптагыдай даярдоо, өткөрүү, сапаттуу жана өз убагында жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин биринчи орун басарына.

**16.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**17.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн күндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-ноябры, №728***

## №10 Кара-Кулжа шайлоо округунан Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер Шалтакова Гүлбү Чаловнанын ШАЙЛОО ПРОГРАММАСЫ

### ДЕНИ САК ЭЛ – КҮЧТҮҮ МАМЛЕКЕТ!

**Ар бир жаранга жеткиликтүү, сапаттуу жана коопсуз медициналык кызмат көрсөтүү, алардын ден соолугун чындоо максатында төмөнкүдөй багыттарда өзгөчө иш жүргүзүлөт:**

• Аймактык ооруканаларды ФАПтарды ачуу, аларды заманбап жабдуулар, лабораториялар менен камсыз кылуу;

• Көчмө медициналык бригадаларды, мобилдик лабораторияларды түзүү менен тез жардам жетпеген бийик тоолуу жана алыскы аймактарга медициналык кызмат көрсөтүү.

• Төрөт курагындагы жана көп балалуу аялдарга атайын медициналык жардам көрсөтүү, төрөттөн кийинки реабилитациялоо кызматтарын киргизүү.

• Кыргызстанда өскөн дары чөптөрдү чет өлкөгө чыгарбастан, алардын коромжу кылбастан улуттук баалуулуктары катары мыйзам кабыл алып, жеринде плантацияларды өнүктүрүп, кайра иштетүүчү фарм-заводдорду куруу жана зыянсыз дары-дармектерди чыгаруу.

• Мал чарбачылыгы күчтүү өнүккөн айылдарда альвеококкоз, эхинококкоз жана башка зоонноздук оорулардын алдын алуу, калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана массалык контролду жайылтуу.

• Балдарды вакцинациялоодо вакциналарды кылдаттык менен текшерүү, сапаттуу жана коопсуз препараттарды колдонуу.

• Превентивдик (алдын алуу) медицинаны өнүктүрүү – аз кандуулук, жүрөк-кан тамыр, онкологиялык оорулардын, кант диабетинин, туберкулёздун жана вирустук оорулардын алдын алуу боюнча скринингдик жана профилактикалык программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу.

• Ар бир жаранды, айрыкча аялдарды жана балдарды зордук-зомбулуктан коргоо, гендердик теңдикти камсыз кылуу жана үй-бүлөлөрдүн бакубат жашоосуна шарт түзүү;

• Жарандардын кызыкчылыктарын эске алып, ОМС (Милдеттүү медициналык камсыздандыруу) түрлөрүн иштеп чыгуу, калктын аярлуу катмарына жеткиликтүүлүгүн жана дарылоодо жеңилдик берүүнү камсыздоо.

**Элимдин таза ден соолугу жана жаркын келечеги – менин максатым!**




## ПРЕДВЫБОРНАЯ ПРОГРАММА кандидата на досрочные выборы в депутаты Жогорку Кенеша Шалтаковой Гулбу Чаловны по Кара-Кульджинскому избирательному округу №10.

### ЗДОРОВАЯ НАЦИЯ – СИЛЬНОЕ ГОСУДАРСТВО!

**В целях обеспечения каждого гражданина доступной, качественной и безопасной медицинской помощью и улучшения его здоровья будет проведена особая работа по следующим направлениям:**

• Открытие региональных больниц, ФАП, оснащение их современным оборудованием и лабораториями.

• Обеспечение медицинской помощью высокогорных и отдаленных районов, недоступных для скорой медицинской помощи, путем создания мобильных медицинских бригад и мобильных лабораторий.

• Оказание специализированной медицинской помощи женщинам детородного возраста и многодетным семьям, внедрение услуг послеродовой реабилитации.

• Принятие закона о защите лекарственных растений, выращиваемых в Кыргызстане, как национальных ценностей, запрет на их вывоз за границу и уничтожение, развитие плантаций на территории, строительство перерабатывающих фармацевтических заводов и производство безвредных лекарственных средств.

• Профилактика альвеококкоза, эхинококкоза и других зоонозных заболеваний в селах с развитым животноводством, проведение разъяснительной работы с населением и осуществление массового контроля.

• Тщательная проверка вакцин при вакцинации детей, использование качественных и безопасных препаратов.

• Развитие превентивной (профилактической) медицины – разработка и внедрение скрининговых и профилактических программ для профилактики анемии, сердечно-сосудистых, онкологических заболеваний, диабета, туберкулеза и вирусных заболеваний.

• Защита каждого гражданина, особенно женщин и детей, от насилия, обеспечение гендерного равенства и создание условий для благополучной семейной жизни;

• Развитие видов обязательного медицинского страхования (ОМС) с учетом интересов граждан, обеспечение доступности и льготного лечения для уязвимых групп населения.

**Здоровье и светлое будущее моего народа – моя цель!**

*№10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Шалтакова Гүлбү Чаловнанын шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Турдуматова Гүлмайрам Нуркамиловна тарабынан төлөндү (күбөлүк №73, 08.10.25).*

***Урматтуу №21 округдун шайлоочулары! Мен, Омонова Гүлчехра Таабалдиевна, өз өмүрүмдү жаратууга арнаган ишкер катары, борборубуздун жана республикабыздын өнүгүү векторун өзгөртүү максатында Жогорку Кеңешке аттануудамын. Республиканын экономикалык жана социалдык процесстеринде аял-лидерлер чечүүчү ролду ойной турган убакыт келди.***

***Менин программам тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, аялдардын бизнесин колдоого жана шаардык кичи райондорду, ошондой эле Орок айылын камтыган көп улуттуу округубуздун тургундары үчүн ыңгайлуу, коопсуз чөйрөнү камсыздоого багытталган.***


## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы

## ОМОНОВА ГҮЛЧЕХРА ТААБАЛДИЕВНА

№21 Шайлоо округу (Бишкек шаары, Ленин району, Орок айылы)

### Ураан: "КҮЧТҮҮ АЯЛ – КҮЧТҮҮ ЭКОНОМИКА. ӨНҮГҮҮ ҮЙ-БҮЛӨДӨН БАШТАЛАТ"

№1



### I. Экономикалык Лидерлик, Бажы Саясаты жана Аялдардын Ишкердиги (ЧОИга басым)

Мен бизнести баштоо жана жүргүзүү канчалык кыйын экенин билем. Менин артыкчылыгым - аял-ишкерлердин алдында турган тоскоолдуктарды жоюу жана алардын экономикага катышуусун стимулдаштыруу.

**1. Аялдардын бизнеси үчүн атайын фонддор:**

- Стартаптарды, өзгөчө IT, креативдик индустрия жана экспортко багытталган өндүрүш тармагында бизнес баштаган аялдар үчүн Микрокредиттик жана гранттык колдоо фондун түзүү демилгесин көтөрүү.
- Аялдар башкарган жаңы түзүлгөн үй-бүлөлүк ишканаларга салыктык каникулдарды берүү жана каттоо жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү.

**2. Насаатчылык жана окутуу (Менторство):**

- Тажрыйбалуу ишкер аялдарды жаңы баштагандарга байланыштырып, билимди өткөрүп берүү жана колдоо тармагын түзүүчү мамлекеттик насаатчылык программаларын ишке киргизүү.

### II. Аялдардын Өкүлчүлүгү жана Социалдык Катышуусу (Тең Укуктар Үчүн Үн)

Күчтүү өлкө өз калкынын жарымын этибарга албай өнүгө албайт. Мен аялдардын саясий жана социалдык таасирин кеңейтүүгө жетишем.

**1. Бийликтеги өкүлчүлүктү кеңейтүү:**

- Бардык бийлик деңгээлдеринде, анын ичинде мамлекеттик органдарда жана ишканаларда жетекчи кызматтарга аялдарды дайындоодо гендердик квоталоо жөнүндө мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү күчөтүү.
- Жергиликтүү жана республикалык шайлоолорго катышуу үчүн аял-лидерлерди даярдоо программаларын лоббирлөө.

**2. Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо:**

- Үй-бүлөлүк зомбулук үчүн жазаны катаалдатууну демилгелөө жана зомбулуктан жапа чеккендер үчүн кризистик борборлордун тармагын түзүүгө жана реабилитациялык программаларга мамлекеттик каржылоону камсыздоо.
- Ата-энелер үчүн ийкемдүү график жана аралыктан иштөөнү колдогон иш берүүчүлөргө мыйзамдык стимулдарды киргизүү.

### III. №21 Округдагы Инфраструктура жана Жашоо Сапаты

Бишкек — биздин үйүбүз. Мен МТУ-101, 102, 104, 105, 107 (Орок) жана 108дин тез арада чечүүнү талап кылган конкреттүү көйгөйлөрүнө көңүл бурам.

**1. Иштеген энелер үчүн социалдык инфраструктураны өнүктүрүү:**

- Ленин районунун жыш жайгашкан МТУларында кезектерди кыскартуу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн жаңы бала бакчаларды жана мектептерди курууга жана учурдагыларын кеңейтүүгө каражаттарды бөлдүрүү.
- Толук жумуш күнү иштеген ата-энелердин балдарын колдоо үчүн муниципалдык узартылган күн борборлорун түзүү.

**2. Шаар чөйрөсүн жана коопсуздукту жакшыртуу:**

- Квартал ичиндеги жолдорду, тротуарларды капиталдык оңдоо жана турак жай массивдеринде заманбап, энергияны үнөмдөөчү көчө жарыктандырууну орнотуу (кечки убакта коопсуздукту камсыздоо).
- Коомдук транспорт системаларын модернизациялоо жана "акылдуу" аялдамаларды киргизүү.

**3. Орок айылынын жана жаңы конуштардын көйгөйлөрүн чечүү (МТУ-107):**

- Жаңы конуштарда жашоо үчүн маанилүү инженердик тармактардын ( ичүүчү таза суу, канализация, электрлештирүү) курулушун аягына чыгаруу үчүн инвестицияларды тартуу.
- Жер тилкелерин мыйзамдаштыруу жана жаңы конуштардын тургундарына укук белгилөөчү документтерди берүү боюнча программаларды лоббирлөө.
- Билим берүү кызматкерлерин колдоо:
- Мамлекеттик билим берүү мекемелердеги мугалимдердин, тарбиялоочулардын жана техникалык тейлөөчү жумушчулардын (техперсонал) айлык акысын жогорулатуу үчүн мыйзамдык механизмдерди киргизүү жана алардын социалдык пакеттерин жакшыртуу.
- Ленин районунун мектептерине жана бала бакчаларына заманбап жабдууларды жана окутуу каражаттарын сатып алууга мамлекеттик бюджеттен каражаттарды бөлдүрүү.
- Ленин районунун аз камсыздалган жана социалдык муктаж үй-бүлөлөрдүн балдарына бала бакчаларда тамак-ашка акча каражаттарын мамлекеттик бюджеттен бөлдүрүү.
- Жаш адистерди Бишкекке тартуу максатында, арзан муниципалдык турак жай программаларын ишке киргизүү.

**4. Саламаттыкты сактоо кызматкерлерин колдоо:**

- Мамлекеттик ооруканалардын жана бейтапканалардын дарыгерлердин жана мекемелердин техникалык тейлөөчү жумушчулары үчүн айлык акысын жогорулатуу үчүн мыйзамдык механизмдерди киргизүү жана алардын социалдык пакеттерин жакшыртуу.

**Менин тандоом — мүмкүнчүлүктөргө негизделген өнүгүү! Менин тажрыйбам жана чечкиндүүлүгүм жөн гана үн эмес, аялдардын жана биздин округдун тургундарынын кызыкчылыктарын коргогон күчтүү, кесипкөй лоббист болууга мүмкүндүк берет. Мени колдоңуздар, ошондо биз ар бир аял ийгиликтүү, ар бир үй-бүлө корголгон экономикалык жактан күчтүү жана социалдык адилеттүү Бишкекти чогуу курабыз!**

*КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №21 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Г.Т.Омонованын шайлоо фонду эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Л.Саралаева тарабынан төлөндү (күбөлүк №926).*




## №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер ТҮМӨНБАЕВ Акылбек Тогузбаевичтин ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ

### БАСЫМ ЖАСАЛУУЧУ НЕГИЗГИ БАГЫТТАР

1. **Экономика жана жумуш орундары**
   *Ишкерлер үчүн - "Бирдиктүү терезе", кайра иштетүүчү ишканаларды ачуу, жеңилдетилген кредиттер, Түп–Кеген жолу аркылуу чек ара соодасын жандандыруу, "жашыл энергетика" долбоорлору.*
2. **Туризм**
   *"Visit Issyk-Kul 2030" программасы, туристтик кластерлер, этно-айылдар, кышкы туризм, маданий фестивалдар, "Ысык-Көлдү тааны" бирдиктүү билет системасы (музейлер, коруктар, маршруттар).*
3. **Билим берүү жана жаштар**
   *Заманбап мектептер, IT жана туризм багытындагы колледждер, "Ысык-Көл жаштары" программасы, адистер үчүн социалдык үйлөр жана жатаканалар.*
4. **Үй-бүлөнү колдоо жана социалдык адилеттүүлүк**
   *Социалдык ипотека, көп балалуу үй-бүлөлөргө субсидиялар, жаштар жана балдар борборлору, "Ысык-Көл тургунунун социалдык картасы", үй-бүлөнү бекемдөө жана зордук-зомбулуктун алдын алуу программасы.*
5. **Экология жана саламаттык**
   *Ысык-Көлдү коргоо, көлгө саркынды сууларды агызууга тыюу салуу, "Экопарк", жашыл транспорт, телемедицина, "Көл жээгиндеги спорт" долбоору.*
6. **Адилеттүү бийлик жана жарандардын катышуусу**
   *Ачык бюджет, "Элдик көзөмөл: Ысык-Көл" тиркемеси, "Лидерлер мектеби", коррупцияга каршы маданият жана жарандардын активдүү катышуусу.*

***Сиздин ишеним – менин жоопкерчилигим!***
***Сиздердин колдооңуздар – баарыбыздын келечегибиз!***

**Сиздерди урматтап,**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Акылбек Түмөнбаев**

*№27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Түмөнбаев Акылбек Тогузбаевичтин шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү А.М. Дүйшеналиева (күбөлүк №220) тарабынан төлөнду.*




## Искендер Шеримбекович Шаршеевдин шайлоо алдындагы программасы

***Урматтуу мекендештер, №23 Биринчи Май шайлоо аймагынын жашоочулары, кошуналарым!***

***Мен Жогорку Кеңешке жөнөкөй, бирок маанилүү максат менен барам: мыйзамдарды кесипкөй деңгээлде иштеп чыгып, Кыргыз жергесинде адамдарга иштөө, акча табуу жана коопсуз жашоо жеңил болушу үчүн. Менин алдыңкы максатым — бекем үй-бүлө баалуулуктары, күчтүү армия жана эркин ишкердик.***

**Бизнес жана жумуш.** Кичи жана орто бизнестин «кагаз жүгүн» азайтабыз, бардык уруксаттар үчүн «бир терезе» иштей турган болот. Жумуш ордун түзгөндөргө жеткиликтүү кредиттер жана кепилдиктер берилет. Дүйнөлүк базарлар жана биржаларга чыгууну камсыздап, өлкөгө төмөн пайыздык инвестициялар келгенге шарттар түзүлөт.

**Кыргызстандан туруп киреше табуу.** Онлайн иштей билген ар бир жаран үйүнөн чыкпай акча таба алсын деп мен ниеттенем. Кыргыз жарандарына бардык электрондук соода аянтчаларын ачык кылабыз, тез интернет жана ыңгайлуу электрондук төлөмдөр болот.

**Келечектин билими.** Мектептерде күчтүү математика жана англис тили, робототехника, дрондор жана жасалма интеллект негиздери окутулат. Жаштарга онлайн-курстарга жана стажировкаларга ваучерлер берилет. Жасалма интеллект университеттери жана «темир мугалимдер» мекенибизде өөрчүйт. Мугалим кесиби кадырлуу жана жогорку айлык акы төлөнгөн кесипке айланат.

**Жашыл энергетика жана ыңгайлуу жашоо.** Үйлөргө күн панели бар чатырлар, энергия жеткирүүнүн параллелдүү тармактары узарат. Мектептер менен оорукаларды жылуулоо, электр унаалар жана кубаттоочу станциялар көбөйөт. Шаарларда түтүн азайып, көбүрөөк бак тигилет.

**Маданият жана тил.** Кыргыз тилин жана улуттук маданиятыбызды, анын ичинде санарип чөйрөдө, коргойбуз жана өнүктүрөбүз.

**Коопсуздук жана адилет бийлик.** Замандуу армия жана киберкоопсуздук, чек араны коргоого дрондордун «үйүрүн» колдонуу. Бюджеттер жана мамлекеттик сатып алуулар ачык болот, кызыкчылыктар декларацияланат. Депутат катары мен туруктуу коомдук видеоотчёт берем: эмне иш кагаздарды жазганга убада кылдым, эмнени аткардым, кандай мыйзамдарды жазып сунуштадым – кезеги менен айтылып турат.

**Мен ишенем:** киреше алуу — адилет жана жеткиликтүү, энергия — арзан жана таза, билим — заманбап, бийлик — ачык болсо, Кыргызстан ар бир үй-бүлө үчүн мүмкүнчүлүктөр өлкөсүнө айланат. Бул — келечекти акыл менен көргөн кесипкөй мыйзам чыгаруучулардын иши, менин ишим.

***Көбүрөөк маалымат алууга – менин жеке ютуб каналыма жазылыңыздар:***
**https://www.youtube.com/@iskendersharsheev**

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер И.Ш. Шаршеевдин буйрутмасы менен шайлоо фондунун каражатынан төлөнду (күб.№285. 07.11.2025-ж.).*

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №1 шайлоо округунан талапкер Темирбаева Миргул Омурзаковнанын шайлоо программасы

Мен, Темирбаева Миргул Омурзаковна 1979-жылдын 13-декабрында Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Тогуз-Булак айылында туулганмын. Жогорку билимдүүмүн.

2021-жылы «Ишеним» саясий партиясынын тизмеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышынын депутаты болуп шайландым. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №1 шайлоо округунан талапкерлигимди койдум.

Баткен облусунун Лейлек районунун айылдары чек ара аймактары болгондуктан, бул аймактар үчүн эң маанилүү стратегиялык маселе – ички жана тышкы миграцияга бөгөт коюу болуп саналат. Статистикалык маалыматтарга ылайык, Баткен облусу Кыргызстан боюнча миграциянын деңгээли боюнча алдыңкы орунда турат. Мен элди кыдырып, жолугушууларды өткөрүп, чек ара аймактарында жумуш орундарын түзүү, ишке жарамдуу жаштарды өз жеринде кармап калуу абдан орчундуу маселе экендигин түшүндүм.

Миграцияны кыскартуу үчүн эң оболу аймактык экономиканы жандандырып, жергиликтүү өндүрүштү, кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө шарт түзүү зарыл. Бул багытта Баткен облусунун аймагында эркин экономикалык зоналарды түзүү мезгил талабы. Себеби бүгүнкү күндө чек аралар такталып, коопсуздук орногон учур. Ушул учурдан пайдаланып ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлор менен тыгыз иш алып баруу зарыл деп эсептейм.

Мен, Темирбаева Миргул Омурзаковна, элдин үнүн угуп, элдин ишеничин актай турган эл өкүлү болууга умтулам. Мен Баткен жана Лейлек элимин келечегине ишенем! Эгер эл мага ишеним артып, колдоо көрсөтсө, биргелешип өнүгүү үчүн чоң иштерди жасай алабыз деп так, ишеним менен айта аламын!

*№1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.О. Темирбаева тарабынан буйрутма берилген. Буйрутма талапкердин шайлоо фондунан каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Н.А.Мустафаев (каттоо күбөлүгү №207) тарабынан төлөнду.*

## ОНГОЕВ НУРЛАН АСЫЛБЕКОВИЧТИ №28 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 22-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Н.А. Онгоевден №28 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 27-октябрында Н.А. Онгоев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Н.А. Онгоевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 3-ноябрындагы №28 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Онгоев Нурлан Асылбековичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Онгоев Нурлан Асылбекович №28 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №28 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Н.А. Онгоевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №883***

## КАРАШЕВ ААЛЫ АЗИМОВИЧТИ №10 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 16-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.А. Карашевден №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 27-октябрында А.А. Карашев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.А. Карашевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 3-ноябрындагы №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Карашев Аалы Азимовичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Карашев Аалы Азимович №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.А. Карашевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №884***

## ЖАЙЛООБАЕВ АЙБЕК ТОКТОГОНОВИЧТИ №30 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 24-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.Т. Жайлообаевден №30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 28-октябрында А.Т. Жайлообаев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.Т. Жайлообаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 3-ноябрындагы №30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жайлообаев Айбек Токтогоновичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Жайлообаев Айбек Токтогонович №30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Т. Жайлообаевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

